# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ ЖАНА «БОЛОН ПРОЦЕССИ»

***Чындыгына келгенде акыркы жылдары мамлекетибизде билим берүү тармагында алга карай жылыштар байкалууда. Өзгөчө жогорку билим берүүчү жайларда заманбап тенденциядагы жана Болон процессинин принциптерин камтыган илим билим менен студенттерди камсыз кылуу үчүн активдүү аракеттер көрүлүүдө. Республикабыздагы айрым жогорку окуу жайларындагы Европа кредиттик технологиялары менен окутууну күчөтүү жакшынакай жыйынтыктарын берди. Жогорку окуу жайларын Болон процессине киргизүүнүн стратегияларын иштеп чыгуу үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин администрациясынын алдында атайын топ түзүлүп, ага Кыргызстандагы Эл аралык университеттин президенти, академик Айдаралиев Асылбек Акматбекович жетекчилик кылды.***

"Кыргыз Республикасынын жаштарына жогорку билим берүү системаларын өркүндөтүү стратегияларын" жайылтуу максатында билим берүү министрлигинде атайын топтор түзүлгөн. Алардын бири "Болон процесси жана университеттердеги инновациялык ачылыштар" деп аталган программанын долбоору боюнча иштей турган топ эле.

2005-жылдын күз мезгилинен тартып, республикабыздын жогорку билим берүүчү тармактарды реформалоонун алкагында "Кыргыз Республикасына Болон процессин жайылтуу боюнча улуттук маалымат борборлорун түзүү " долбоору ишке киргизилди. Биздин мамлекетибизден 11 жогорку окуу жайлары менен консорциум түзүлгөн.

Европа мамлекеттериндеги өнөктөштөр Пиза университети(Италия), Гент университети (Бельгия), жана жогоруда айта кеткенибиздей Кыргызстандын ар кайсыл региондорундагы 11 жогорку окуу жайлары бул долбоордун катышуучулары болушту.

2006-жылы январь айында ушул долбоордун алкагында Кыргызстандагы Эл аралык



КЭАУнун координаторлору Европа университтеринде

**10.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети.**

**11. Жалалабад Мамлекеттик университети.**

**12. Кыргыз агрардык университети.**

**13.Талас Мамлекеттик университети.**

Мындан тышкары билим берүү тармагындагы аракеттердин натыйжалуу болушун камсыздоо үчүн кошумча борборлорду жана жакындан жардам берүүчү тюнинг командаларын негиздөөнү пландаштырып келишкен.

"Өткөн күндүн белгиси жок, эгерде эмгек жасап из калтырбасаң" деп качандыр бир мезгилде бир акылман айтмакчы, акыркы жылдын ичинде дагы Кыргызстандагы Эл аралык университеттин жамааты бир топ иштерди жасап коюшту.

2007-жылдын сентябрь айында Болон процесстерин жайылтуу боюнча Пиза уни-



**КЭАУнун улуттук маалымат борборунун директору Такен Акылбекова Европадагы өнөктөшү профессор, Анн Катерин Изаакс менен.**

университетинде Улуттук маалымат борбору жана Кыргызстандагы түштүк регионунун жогорку окуу жайлары үчүн Ош техникалык университетинде борбордун филиалы ачылган. Мында Темпус программасы боюнча бул долбоорду каржылаган Европа Союзу Кыргызстандагы Эл аралык университетинин көп жылдар бою жалпы республикадагы жогорку окуу жайларына Болон процессин жайылтуудагы зор эмгегин эске алышкан. 2002-жылы Эл аралык университеттин Улуу университеттер Хартиясына кол коюп, келишим бекитишкендигин эске алышып, европалык университеттер үйбүлөсүнө университеттин мүчө болгондугу ушул ийгиликтердин башаты болгондугун баса белгилешти.

2006-жылы март айында билим берүү министрлигинин жооптуу адамдары менен биргe түзүлгөн административдик топ өнөктөш болгон Европа университеттерине атайын визит менен барып кайтышат. Ушул визиттин жүрүшүндө Европа Комиссиясынын борбордук офисинде Европа Союзунун билим берүү чөйрөсүнүн аттуу-баштуу координаторлору атайын жыйын өткөрүшүп, Кыргызстандын жогорку окуу жайларында Болон процессинин принциптерин жайылтуудагы аракеттерине эң жогорку бааларын беришкен.

Ошондой эле 2006-жылдын май айында жогоруда аталган долбоордун алкагында билим берүү министрлигинен жана 11 жогорку окуу жайлардан тандалып алынган 14 координаторлор Европага сапар тартышкан. Натыйжада Европалык өнөктөштөрүбүз профессорлор Анн Катерин Изаакс жана Люк де Франсуалардын жетекчиликтери менен бир топ иш-чаралар иш күндөрүнө камтылган. Пиза жана Гент университеттеринде Болон процесстеринин принциптерине туура келчүдөй билим берүү тармактарын жакшыртууга жана инновациялык методдорду жайылтууга арналган тегерек столдор, тренингдер, талкуулар өткөрүлдү. Ушул эле жылдын октябрь айынын акыркы күндөрүндө долбоордун бир жылдык корутундусуна арналган жогорку масштабды камтыган жыйынга академиктер коомунун абройлуу адамдары, билим берүү министрлигинин, Президенттик жана Өкмөттүк аппараттардын жооптуу адамдары, депутаттар катышышты.

Бул Эл аралык конференциянын аягында эл аралык уюмдар КЭАУ дагы аракеттерге ыраазы болушту. Европа Комиссиясы дагы бул долбоорду узартуу боюнча берилген өтүнүчтү колдоп берген.

Долбоорду андан аркы ишмердүүлүгүнүн негизги максаты Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайларындагы билим берүүнү жакшыртууга жасалган аракеттерди колдоп кеңири жайылтууга арналды. Жаңыдан узартылган долбоорго Талас мамлекеттик университети, Кыргыз Мамлекеттик Агрардык университети камтылып, жогорку окуу жайларында Болон процессин жайылтуу менен бирге реформалоо программаларын талдап, иштеп чыгуу аракеттери улантылууда. Улуттук маалымат борбору "Кыргыз Республикасында Болон процесси боюнча Улуттук маалымат борборлорун ачуу" долбоорунун негизинде 2007-жылы Кыргызстандагы 13 университеттерди консорциумга бириктирди. Долбоор учурда кеңейтилип, төмөнкү университеттердин башын бириктирген.

**1.Кыргызстандагы эл аралык университети.**

**2. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети.**

**3. И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университети.**

**4. Бишкек мамлекеттик ишкерлер жана экономика университети.**

**5. Бишкек финансы-экономика академиясы.**

**6. Кыргыз Мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университети.**

**7. К.Тыныстанов атындагы Ысыкккөл Мамлекеттик университети.**

**8.Нарын Мамлекеттик университети.**

**9. Ош Мамлекеттик университети.**

башында турган Европа эксперттер тобу Кыргызстанда болуп кайтышты. "Болон процесстери боюнча борборлорду кеңейтүү жана Кыргыз Республикасындагы тюнинг командаларын колдоо" деген аталыштагы Темпус долбоорунун алкагында уюштурулган бул визитте бир нече маанилүү маселелер каралды. Мисалы: улуттук маалымат борборунун филиалдары Жалалабад, Ысыккөл, Нарын, Талас университеттеринде ачылып керектүү жабдуулар менен жабдылды. Филиалдардын негизги максаты Болон процессинин материалдарын жайылтуу.

Кыргызстандагы Эл аралык университети билим берүүнүн дүйнөлүк деңгээлине теңелүү үчүн Болон процесстеринин принциптерин активдүү алга жылдырууда. 2007-жылдын апрель жана июнь айларында консорциумга мүчө болгон 13 жогорку окуу жайларынын 25 координатору өнөктөш Европадагы жогорку окуу жайларында болушуп, Болон процесстери боюнча атайын стажировкалардан өтүп келишти. Пиза жана Болон университеттеринин (Италия), Гент университетинин жана Фламанд политехникалык Кеңешинин (Бельгия) жамааттары биздин адистер менен жан дилинен кубануу менен бирге тажрыйба бөлүшүштү.

Улуу университеттер Хартиясы Эл аралык университеттин 2007-жылы бүтүрүүчүлөрүнө Европа үлгүсүндөгү тиркемеси бар дипломдорду тапшырууга мүмкүнчүлүк берди. Натыйжада Кыргызстандагы Эл аралык университетин аяктаган бүтүрүүчүлөр Европа мамлекеттеринин кайсыл жеринде болбосун ишке орношуп, иштегенине жол ачылат.

Ишке ашырылып жаткан долбоор Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын дүйнөлүк деңгээлдеги билим берүүнү чагылдырууга реалдуу өбөлгөлөрдү түздү.

Ушул жылдын ноябрь айында долбоордун жыйынтыгын жайылтуу боюнча эл аралык финалдык илимий практикалык конференция өтмөкчү. Ошондуктан Европа Комиссиясы бул долбоорго Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан, Түркмөнстан мамлекеттериндеги жогорку окуу жайларды дагы тартып, бирге иш алып барууну пландаштырышууда.

**Раиса ДҮЙШӨНБЕКОВА**